**«БЕКИТЕМИН»**
**И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун директору, профессор ______**
**А.О.Дюшембиева**
**2020-жыл, 14-декабрь**

**Жетектөөчү уюмдун – И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» аттуу диссертациясына**

# П И К И Р И

**Изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Адабияттын тарыхын изилдөө – адабияттаануу илиминдеги негизги маселелердин бири. Ал толук изилденип бүттү деген күндө дагы, улам убакыттын өтүшү менен кийинки адистер караган сайын улам жаңы кырлары ачылып, мурда байкалбаган өңүттөрү көрүнөт, буга чейин айтылган пикирлер, чыгарылган тыянактар оңоп-түзөлөт. Кыргыз адабиятын изилдеген фактыларга токтолсок деле, кийинки жарык көргон ар бир эмгекте толуктоолор, алымча-кошумчалар болгон фактылар бар. Ансыз адабияттын өзүнүн өнүгүшү күмөн. Анткени анын бүгүнкү жетишкендиги кечээги өткөн көрүнүштөр менен түзмө-түз байланыштуу. Ушул жагынан алганда XX кылымдын 40-80-жылдарындагы адабияттын тарыхын изилдөө эң керек. Анткени жаңы бутуна туруп, телчиккен адабият кандайча өнүгүүгө бет алган? Ал өзүн сүрөөр, алдыга жетелээр күчтү кайдан алды? Элдик оозеки чыгармачылыктын профессионалдык адабиятка арттан тээк болоор дарамети бар беле? 60-70-жылдардагы кыргыз адабиятындагы, дегеле советтик адабияттагы мурда болуп көрбөгөндөй өзгөрүү эмнеге шартталган? Бул дайыма окурмандарды, адабиятчыларды кызыктыра турган суроо. Бул маселеге бир эмес, бир нече ирет кайрылса болот. Ал эми ошол адабий этапты изилдеген эмгектерди системалаштыруу, логикалык ыраатка келтирүү, ал эмгектерде сөз болгон адабий чыгармалардын, аларга берилген баалардын көркөмдүк-эстетикалык сапаттарына баа берүү, илимий-теориялык деңгээлдерин, алардагы жаңычылдыктар менен ийгиликтерди, мүчүлүштүктөрдү аныктоо, тыянак чыгаруу, мүмкүн болуучу жолдорду сунуштоо зарылдыгы бар. Изилдөөнүн

113/04-8
«14» 12 2020 г.

темасынын **актуалдуулугу** ушунда. Мындай сереп андан кийинки дагы мезгил тилкесиндеги изилдөө эмгектерине салынышы керек.

**Диссертацияда баяндалган натыйжаларды алууга автордун конкреттүү жекече катышуусу.** Изденүүчү өз изилдөөсүнүн жүрүшүндө аталган мезгил тилкеси, андагы адабий процесс тууралуу жазылган бардык эмгектер менен кылдат таанышкандыгы, алардагы ойлорду жекече дагы, бири-бири менен салыштыруу аркылуу дагы карагандыгы, андагы ийгилик-кемчиликтерди, жетишкендиктер менен мүчүлүштүктөрдү далилдүү көрсөткөндүгү байкалат. Автор изилдөөдөгү бардык жыйынтыктарды жеке өзү алганы эч күмөн жаратпайт. Анткени, автор тема боюнча илимий булактарды, адабияттарды терең изилдеген, аларга конкреттүү сереп жасаган, өз изилдөөсүнүн материалын, объектисин, предметин, методологиясын, анда колдонулган усулдарды туура сыпаттап берген, аягында өзү келген жыйынтыктарды ишенимдүү көрсөткон.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын ишеничтүүлүк даражасы, алардын жаңычылдыгы жана практикалык маанилүүлүгү.** Диссертант тарабынан алынган жыйынтыктар ишеничтүү, анткени бардыгы тең конкреттүү фактылар-материалдар менен бекемделген. Изденүүчү 1940-80-жылдардагы кыргыз адабиятынын тарыхын изилдеген эмгектерди иликтөөгө алууда, аларды системалаштырууда проблемалык-тематикалык, тарыхый-адабий методдорду, анализ жана синтез ыкмаларын жемиштүү колдонуп, анын натыйжасында ишеничтүү, конкреттүү, логикалуу илимий жыйынтыктарды алууга жетишкен. **Иштин жаңычылдыгына** келсек, кыргыз адабият таануу илиминде биринчи ирет аталган мезгил ичинде жарык көргөн кыргыз профессионал адабиятына арналган эмгектерди системалаштыргандыгы, андагы айтылган пикирлерди далилдүү анализдегендиги жөнүндө айтууга болот. Алардын улуттук адабият таануу илиминин тарыхындагы ордун белгилеп, аларга бүгүнкү күндүн илимий-эстетикалык жетишкендиктеринин көз карашынан баа бергендиги, илимий негизде кынтыксыз корутундуларды чыгаргандыгы – иштин жаңычылдыгы ушулар деп айтууга негиз берет. **Иштин практикалык мааниси** бул диссертациянын илимий жыйынтыктары кыргыз адабиятынын тарыхынын мындан кийинки мезгилдерин изилдөөдө, кыргыз адабият таануу илиминин өнүгүшүн изилдөөдө, ЖОЖдордо кыргыз адабиятынын тарыхы боюнча лекциялык материалдарды даярдоодо, окуу-усулдук куралдарды, көрсөтмөлөрдү, колдонмолорду түзүүдө пайдаланылаары менен шартталат.

**Изденүүчүнүн илимий эмгектеринин баалуулугу.** Диссертанттын изилдөөнүн негизги жыйынтыктары боюнча жарыялаган эмгектери теориялык-методологиялык, адабий-теориялык жактан баалуу экени күмөнсүз. Аларда 1940-80-жылдары жазылган кыргыз адабиятынын тарыхынын адабият, коом, илим үчүн маанисин, эмгектердин тарыхый өнүгүш эволюциясын талдоо аркылуу булардагы ийгилик-кемчиликтерди илимий негизде аныктап, тактап, ал эмгектердин улуттук адабият таануу илимибиздеги орду аныкталган.

**Диссертация туура келген адистик.** Изденүүчүнүн бул изилдөөсү 10.01.01 – кыргыз адабияты адистигинин паспортуна толугу менен туура келет. Анткени изилдөөдө кыргыз профессионал адабиятынын өнүгүү этабын изилдеген эмгектер тууралуу сөз болот.

**Диссертациянын материалдарынын изденүүчү жарыялаган эмгектерде толук чагылышы.** Изденүүчүнүн эмгектеринин тизмесине көз чаптырсак, ал өз изилдөөсүнүн негизги материалдарын коргоого чейин эле толугу менен жарыялоого жетишкенин көрөбүз. Ал изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери боюнча да, изилдөөнүн илимий жыйынтыктары боюнча да конкреттүү макала-билдирүүлөрүн илимий журналдарга, илимий конференциялардын жыйнактарына жарыялаган. Диссертанттын бир канча макаласы РИНЦ тутумуна кирген илимий журналдарга басылган. Демек, КР ЖАКтын илимий эмгектерди жарыялоо боюнча талабы толугу менен аткарылган.

Жогоруда айтылган ойлордун негизинде изденүүчү С.А.Сагидаеванын «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» аттуу диссертациясын диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот.

Аталган илимий квалификациялык эмгек толук аягына чыккан, изилдөөнүн жүрүшүндө ишеничтүү илимий жыйынтыктар алынган. Бул изилдөөдө 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги үчүн чоң мааниге ээ болгон кыргыз профессионалдык адабиятынын белгилүү бир этабындагы көркөм чыгармаларды изилдеген эгектердин баа-салмагын ачуу **актуалдуу илимий милдети** ийгиликтүү чечилген. Бул милдеттин чечилүүсү менен улуттук адабияттын эң урунттуу учуруна тиешелүү актуалдуу маселе ишке ашкан.

Изилдөөдө оркойгон мүчүлүштүктөр байкалбайт. Иште грамматикалык каталарга орун берилген жерлер бар. Бирок, бул мүчүлүштүктөр диссертациянын деңгээлине, сапатына эч көлөкө түшүрбөйт.

Изилдөө боюнча диссертанттын баяндамасын, ага карата айтылган ой-пикирлерди угуп жана талкуулап, И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын кезексиз отуруму **төмөнкүдөй чечим** кылат:

**Изденүүчү Сагидаева Салтанат Ариповнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз адабиятынын тарыхын изилдөөнүн этаптары (40-80-жылдар)» деген диссертациясы Д 10.20.616 ЖАКтын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына толук жооп берет жана анын автору филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражаны алууга толук татыктуу.**

Диссертация 2020-жылдын 14-декабрында И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун

кыргыз адабияты жана окутуунун технологиялары кафедрасынын кезексиз отурумунда №2 протокол менен каралды. Талкууга төмөнкү кафедра мүчөлөрү катышты: А.А.Эгембердиева – ф.и.д, проф.м.а.; К.К.Койлубаев – ф.и.д, проф. м.а., Р.Сыдыкова – ф.и.к., проф. м.а, Г.Жумаева – ф.и.к., проф. м.а, С.Дюшембиев – ф.и.к., доцент, А.Каныбекова – ф.и.к., доцент, А.Кабатай кызы – ф.и.к., доценттин м.а., улуу окутуучулар: Ф.Мырзаева, К.Солтобаева, А.Ажыбаев, А.Түнгатарова, К.Сопубеков, Г.Козубекова – катчы.

***Отурумдун төрайымы*** ***А.А.Эгембердиева***

***Отурумдун катчысы*** ***Г.Козубекова***